**И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик Техникалык университети**

**Тоо-кен технологиялык колледжинин**

**Педагогикалык Кеңешинин № 1 протоколу**

**28.08.2023-жыл**

**Катышкандар:**
**Педагогикалык Кеңешинин 15 мүчөсү**

**Күн тартиби**

| № | Каралуучу суроолор | Баяндамачы |
|---|---|---|
| 1 | Жаңы окуу жылга киришүү | Аракеев М.У. |
| 2 | Окуу-эсеп жүктөмүн бөлүштүрүү | Аракеев М.У. |
| 3 | Окуу планына өзгөртүүлөрдү киргизүү | Аракеев М.У. |
| 4 | Ар кандай суроолор | Аракеев М.У. |

**1. Жаңы окуу жылга киришүү.**

*Угулду: Тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У.*

Саламатсыздарбы, урматтуу Педагогикалык Кеңештин мүчөлөрү! Сиздерди жаңы окуу-жылынын башталышы менен куттуктайм. Буюрса колледжде абитуриенттердин саны жылдан-жылга өсүп келүүдө, быйылкы жылы мугалимдерди ишке *негизги* жумуш ордуна кабыл алууга басым жасайбыз. Жайында кабыл алуу комиссиясы колдон келишинче иштеп беришти.

Жаңы 2023-2024-окуу жылына төмөндөгү багыттар боюнча кабыл алынган абитуриенттердин саны.

| № | Код | Багыттын (адистиктин) аталышы | 1-курс (9-кл) | 1-курс (11-кл) | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 120101 | Колдонмо геодезия | 18 | 7 | |
| 2 | 130201 | Пайдалуу казылмалар кендерин издөөнүн жана чалгындоонун геофизикалык ыкмалары | 7 | 4 | |
| 3 | 130303 | Гидрогеология жана инженердик геология | 11 | 13 | |
| 4 | 130402 | Маркшейдердик иш | 25 | 29 | |
| 5 | 130403 | Ачык тоо-кен иштери | 23 | 28 | |
| 6 | 130404 | Пайдалуу казылмалар кендерин жер астында иштетүү | 18 | 11 | |
| 7 | 130405 | Пайдалуу казылмаларды байытуу | 22 | 9 | |
| 8 | 140603 | Электр машиналары жана аппараттары | 18 | 12 | |
| | | **Жалпы** | **142** | **113** | |

2. **Окуу-эсеп жүктөмүн бөлүштүрүү.** *Баяндамачы: Тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У.*

   Быйылкы жаңы окуу жылына колдон келишинче окутуучуларды штаттык негизде кабыл алууну көбөйткөнү турабыз. Студенттердин саны жылдан жылга өсүүдө, тактап айтканда сандан сапатка басым жасап, кабыл алынуучунун базалык билими азыркы өтө турчу сабакка дал келүүсү керек. Окуу жүктөмү эсептелинип бүтүп калды, бүгүн эртең болжолдуу окуу графиги жалпыңыздарга берилет. Калган суроо-талаптарды иштин жүрүшүндө чече беребиз.

3. **Окуу планына өзгөртүүлөрдү киргизүү.** *Баяндамачы: Тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У.*

   Өткөн жылдын педагогикалык кеңешинин күн тартибинин бирден-бир маанилүү маселеси Окуу планына өзгөртүүлөрдү киргизүү болгон. Биз өзгөртүүлөрдү киргиздик, алымча кошумчаларды толуктадык, мындан ары ушул Окуу пландын негизинде иш алып барабыз. Мындан ары дагы да болсо жогорку билимге тиешелүү курска тапшырууда маселе болбосун үчүн, дагы да болсо өзгөртүүлөр кириши мүмкүн.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде жана окуу процессинин сапатын жогорулатуу максатында, ТКТ колледжинин Педагогикалык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жаңы 2023-2024-окуу жылына төмөндөгү багыттар боюнча кабыл алынган абитуриенттер группаларга бөлүштүрүлүп, кураторлор дайындалсын
2. Окуу-эсеп жүктөмүн бөлүштүрүүдө негизги штат кызматына окутуучулардын саны көбөйтүлсүн, ишке кабыл алууда базалык билимине маани берилсин
3. Окуу жылынын сабактары, өзгөртүлгөн планга ылайык бөлүштүрүлсүн, аны көзөмөлдөө Окуу иштери боюнча директордун орун басарына жүктөлсүн

**ТКТ колледжинин директору** — **Аракеев М.У.**

**Педагогикалык Кеңешинин катчысы** — **Исабекова В.Ш.**